7. КР БМ КСДА. Ф.56, оп.4, д.88, б.43
8. Маанаев Э,Осмонкулов А. Э.Арабаев-кыргыз элинин алгачкы агартуучусу жана саясий-коомдук ишмери.-Бишкек. 2002.
9. Оренбург облустук мамлекеттик архиви. Ф.1081 оп. 1. Сб.14 .
10. Плоских В, Курманов З., Бегалиев У. Кыргызстандын улуттук лидери-Абдыкерим Сыдыков.-Бишкек,-1999.-155-б.
11. Ысык-Көл облустук мамлекеттик архиви. Ф. 1041. Оп. 1. д.9. л.221-230.



**УДК: 37.012.3 (6)**

*Бөтөнөев Ж.С., т.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*
*Эркебаев Э.М., филос.и.к., ОшМУнун доценти, Кыргызстан*

*Бөтөнөев Ж.С., к.и.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*
*Эркебаев Э.М., к.филос.н., доцент ОшГУ, Кыргызстан*

## Орус африка таануучулары жана алардын айрым эмгектериндеги африка өлкөлөрү жөнүндө маалыматтарга талдоо

## Анализ некоторых трудов русских африканистов

## Russian-African and in their working periods analyses about information's of the African Countries.

Бул илимий макалада орус африка таануучулары жана алардын эмгектериндеги африка өлкөлөрү тууралуу маалыматтар талдалат.
**Ачкыч сөздөр:** Орус, африка, африка таануучулар, африка өлкөлөрү, илимий эмгек, маалымат, талдоо.

В данной статье анализируются материалы по вопросам африканистики в работах русских африканистов.
**Ключевые слова:** русские, Африка, африканист, африканские страны, научный труд, сведения, анализ

This scientific article is about Russian-African and on their working periods will analyze of African Countries information.
**Key words:** Russian, African, African Ccountries, work, information, analyze.

Учурда Африка материгинде 60ка жакын мамлекет болсо, алардын ар бири өздөрүнүн географиялык жайгашуусуна, башкаруу системасына, экономикалык потенциалына ж.б.у.с. мүмкүнчүлүктөрү менен өзгөчөлүктөрүнө карап өнүгүп жатышат.

Мына ушул Африка жана Евроазия (Азия бөлүгү) континенттериндеги мамлекеттерди комплекстүү изилдөөгө алган африканисттер менен чыгыш таануучулар орто кылымдардан бери бир топ чоң-чоң илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүгө аракеттенишип келишкендиктерин көпчүлүк эле биле бербешин билебиз.
Америкалык, европалык жана орус африканисттери менен чыгыш таануучулары саналуу эле экендиги баарыбызга маалым эместиги дагы белгилүү десек жаңылышпайбыз.

Айрыкча биз бул илимий макалабызда токтоло турган маселе бул орус жана айрым европалык африканисттери менен чыгыш таануучулары экендигин белгилеп кетүүбүз туура деп эсептейбиз.

Африка континентиндеги бир топ мамлекеттерди географиялык, тарыхый, этнографиялык, маданий, диний, топонимикалык ж.б. багыттары боюнча комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүп, бир топ илимий эмгектерди жараткан белгилүү орус африканисттери катары биз Матвей Григорьевич Коковцевди, Юрий Григорьевич Смертинди, Юрий Михайлович Кобищановду, Николай Аркадьевич Сосновскийди, Олег Иванович Тетеринди, Владимир Геннадиевич Шубинди, Николай Михайлович Гиренкону, Алексей Михайлович Васильевди, Дмитрий Михайлович Бондаренкону, Владимир Романович Арсеньевди, Борис Рубенович Асоянды, Светлана Яковлевна Берзинаны, Дмитрий Алексеевич Ольдероггени, Владимир Александрович Поповду, Иван Изосимович Потехинди, Игорь Васильевич Следзевскийди, Дмитрий Павлович Урсуну [1, 121] ж.б. билебиз.

Мына ушундай жоон топтогу африканисттердин ичинен биринчилерден болуп, орус деңиз-аскер кызматкери, чалгынчы, жазуучу Матвей Григорьевич Коковцев (1745-1793-жж.) орус африканисттикасынын негиздөөчүсү катары жол баштап кеткенин эч ким тана албайт.

Ал алгачкы орус деңиз-аскер кызматкери ошондой эле африка континентине барган алгачкы орус улутундагы адам жана изилдөөчү катары африка дүйнөсү боюнча аз дагы болсо маалмыат топтоп келген, африка боюнча алгачкы элестөөлөрдү бере алган илимпоз инсан катары дагы орус жана советтик тарыхта кала берди.
Анын африкага салган алгачкы чыйыр жолун, кийин советтик жана россиялык африканисттер улантып, өзүнүн деңгээлине жеткире алды десек болот.

Алардын кээ бирлерине токтоло турган болсок, маселен, белгилүү орус африканисти, чыгыш таануучу, корей таануучу, кытай таануучу жана тарыхчы Юрий Григорывич Смертиндин 50дөн ашык илимий эмгектери болсо, анын дээрлик бардыгы Азия жана Африка өлкөлөрү боюнча жазылган.

Мисалы, “Орто кылымдардагы Тропикалык Африка” (1976-ж.), “Кытай классикалык поэзиясы тил, тарых жана маданият контекстинде” (1999-ж.), “Мусулман дүйнөсү: Пайгамбарлардын жана Холифтердин мезгилинде” (2003), “Ислам Азия жана Африка өлкөлөрүндө” (2007), “Кытай жана Корея маданияттарынын феномени. Тандалган макалалар” (2007), “Орто кылымдардагы Иран: Тарых, дин, маданият” (2007).

Ю. Г. Смертин өзүнүн илимий изилдөөлөрүндө “Британия Батыш Африкадагы улуттук боштондук идеология” (хх н. 30-60-жж.) боюнча дагы иликтөөлөрдү жүргүзүп, өзүнүн доктордук диссертанциясын коргогон (1992-ж.) [2, 156].
Ал эми, Владимир Геннадиевич Шубиндин 140дан ашуун илимий эмгектери болсо, анын дээрлик көпчүлүгү африка өлкөлөрүн ар тараптуу изилдөөгө алат. Атап айта

турган болсок, “Африканский национальный конгресс в годы подполья и вооружённой борьбы” (-М, 1999), “Международная социал-демократия и борьба против колониализма и апартеида” (-М., 1985), “Китай и Южная Африка: эволюция взаимоотношений” (-М., 1999), “Африка: поиск идентичности” (-М., 2001).

Маселен, Юрий Михайлович Кобищановдун “Община в Африке: Проблемы типологии” (1978), “Северо-Восточная Африка в раннесредневековом мире (VI-середина VIIв.)” (-М.,1980), “На заре цивилизации: Африка в древнейшем мире” (-М., 1981) ж.б. илимий эмгектери 20 000-30 000 нускада чыгарылып, илимий айлампада кеңири таралган.

Белгилүү тарыхчы-африканист, т.и.к., советтик дипломат Борис Рубенович Асояндын “Дорогами свободы” (-М., 1982), “Зимбабве” (-М., 1983), советтик жана россиялык египтолог, т.и.д., Светлана Яковлевна Берзинанын “Обзоры Тропической Африки. Каталог выставки” (-М., 2001), “Древние геммы Востока” (-М., 2010), советтик африканист, этнограф, тарыхчы жана лингвист, СССРдеги африканистиканын негиздөөчүлөрүнүн бири Дмитрий Алексеевич Ольдероггенин египтология, тарых, этногафия, маданият, искусство жана Тропикалык Африкадагы элдердин тилдери боюнча бир топ илимий эмгектери жарык көрсө, советтик жана россиялык этнограф жана антрополог, африканист, тарых илимдеринин доктору Владимир Александрович Поповдун 600дөн ашуун илимий эмгектери жарык көрүп, алардын дээрлик көпчүлүгү африка өлкөлөрүнө арналган. Мисалы, “Арабские источники XIII-XIV вв. по этнографии и истории Африки южнее Сахары” (-М., 2002) ж.б.

Советтик окумуштуу-африканист, РИАнын биринчи директору, Иван Изосимович Потехин 1939-жылы Чыгыш таануу Институтунда “История аграрных отношений в Южной Африке” деген темада кандидаттык, 1955-жылы “Формирование национальной общности южно-африканских банту” деген темада доктордук диссертациясын коргогон. Анын “Народы Африки” (-М., 1954), “Формирование национальной общности южно-африканских банту” (-М., 1955), “Гана сегодня. Дневник. 1957” (-М., 1959), “Африка смотрит в будущее”(–М., 1960), “Становление новой Ганы” (-М., 1965) ж.б. бир топ эмгектери жарык көргөн.

Советтик жана россиялык тарыхчы, Африканын социалдык тарыхы жана цивилизациялар теориясы боюнча адис, тарых илимдеринин доктору Игорь Васильевич Следзевский 1963-жылы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин тарых факультетин, 1966-жылы СССР Илимдер Академиясынын Африка Институтунун алдындагы аспирантуранын күндүзгү бөлүмүн аяктап, 1967-жылы СССР Илимдер Академиясынын Африка Институтунан “Современные хауса Северной Нигерии” деген темада кандидаттык, 1990-жылы СССР Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу Институтунан “Социоисторическую структуры Западной Африки. Проблемы взаимоотношений местных социальных организмов и исторической среды” деген темада доктордук диссертациясын коргогон. Анын негизги илимий эмгектери болуп “Феодальные отношения у современных хауса Северной Нигерии” (-М., 1966), “Земледельческая община в Западной Африке” (-М., 1978) ж.б. саналат.

Советтик жана украиналык африканист, тарыхчы, окумуштуу-энциклопедист, тарых илимдеринин доктору, профессор Дмитрий Павлович Урсу 1958-жылы Одесса университетинин тарых факультетин аяктап, 1970-1971-жылдары Москва чет тилдери

институтунда жана 1979-1980-жылдары Сорбондо билимин улантып, 1985-жылы СССР Илимдер Академиясынын Чыгыш таануу Институтунан "Современная историография стран Тропической Африки" деген темада доктордук диссертациясын коргогон.

Анын 400дөн ашуун илимий эмгектери жарык көрүп, дээрлик көпчүлүгү африка өлкөлөрүн илимий изилдөөгө алганга аракеттенген.

Мисалы, анын "Современная историграфия стран Тропической Африки, 1960-1980" (-М., 1983), "Историография истории Африки" (-М., 1990), "История Мали в новое и новейшее время" (-М., 1994) ж.б. эмгектерин атоого болот [3, 67].

Орус, советтик жана россиялык африканисттер жана алардын илимий изилдөө иштери, эмгектери жөнүндө абдан көп маалыматтарды мисал катары айтса болот.

Африка дүйнөсүн комплекстүү изилдөөгө алган, европалык жана америкалык илимпоздор дагы жок эмес экендигин билебиз.

Алардын айрымдарына токтоло кетүүнү туура деп эсептейм.

Африка дүйнөсүн илимий изилдөөгө алууга орус африканистеринен мурда эле европалык жана америкалык африканисттер менен чыгыш тануучулар кызыгышып, бир топ илимий изилдөөлөрдү ишке ашырып келишкендиктерин тарых тастыктабай койбойт.

Маселен алардын ичинен франциялык африканист, окумуштуу (географ, тарыхчы) Жан Сюре Канальды айтсак болот.

Ал африканын географиясы, экономикалык географиясы, тарыхый өнүгүүсү боюнча көп сандаган эмгектердин автору. 1963-ж. "Батыш жана Борбордук Африка. География. Цивилизация. Тарых" деген аталыштагы 3 томдук эмгеги үчүн СССР ИАнын Африка Институтунун Окумуштуулар Кеңеши ага тарых илимдеринин доктору окумуштуулук наамын ыйгарылган [4, 78].

Америкалык тарыхчы-африканист жана лингвист Лос-Анджелестеги Калифорния университетинин профессору Кристофер Эреттин "Классическая эпоха Африки", "Цивилизации Африки: история до 1800 года", "Сравнительная реконструкция прото-нило-сахарского языка", "Реконструкция протоафразийского языка" ж.б. эмгектери жарык көрүп, дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулардын талкуусуна айланган.

Немец чыгыш таануучусу жана африканисти Хиоб Лудольф, Готтлиб Адольф Краузе, Экинчи дүйнөлүк согуш учурундагы британиялык чалгынчы, тарыхчы-африканист, журналист-дипломат Бэзил Дэвидсон, англиялык чыгыш таануучу жана африканист Роберт Нидхэм Каст, француз этнографы, африканист Марсэель Гриоль (1898-1956-жж.), немец миссионери жана лингвисти, XX кылымдын биринчи жарымындагы ири африканист, учурдагы африканистиканын негиздөөчүлөрүнүн бири Дидрих Вестерман [5, 123] ж.б. атоого болот.

Жыйынтыктап айта турган болсок, Африка жана Азия дүйнөсүн комплекстүү илимий изилдөөгө алып, анын натыйжасында абдан чоң көлөмдүү эмгектерди жараткан советтик, европалык жана америкалык африканисттер менен чыгыш таануучулар көп экендигин, бирок, тилекке каршы Кыргызстанда Ата Мекендик африканисттер менен чыгыш таануучулар дээрлик жок экендиги кыргыз илиминде ойлонууну жаратпай койбойт десек жаңылышпайбыз.

Чындыгында, бүгүнкү күндө өлкөбүздө ушул чыгыш таануу жана африканисттика багытындагы адистерди окутуп тарбиялоо, африка жана азия өлкөлөрүнө илимий

экспедицияларга чыгарууну, аларды финансылык каржылоону жолго коюу мамлекеттик деңгээлде колдоого алынуу менен мамлекеттик көзөмөлдүн болушу, бул учурдагы кыргыз илиминдеги актуалдуу маселелердин катарын толукташы керек деп эсептейм.

**Колдонулган адабияттар:**

1.Бөтөнөев Ж.С., Мырзаканова С.М., Камалов Э.Т. Знаменитые востоковеды и африканисты. Словарь-справочник. – Ош, 2018.
2.Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер/Котор. С. Мамбеталиева, Д. Сулайманкулов, С. Макенов. – Б., 1999.
3. Кыргызстан. Улуттук энциклопедия: 7 том / Башкы ред. Ү.А.Асанов. – Б., 2015.
4. Восточные авторы о кыргызах: Сб./Сост., введ. И комм. О. Караев; - Б., 1994.
5. Хрестоматия по средневековой истории Кыргызстана (XIII-XVIII вв.): Учебное пособие/Сост. Т.Д. Джуманалиев. – Б., 1996.



**УДК: 37.013**

*Бекназаров С.М., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Орозматова А.С., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*
*Райымбаева А.Ч., ОшМУнун окутуучусу, Кыргызстан*

*Бекназаров С.М., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Орозматова А.С., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*
*Райымбаева А.Ч., преподаватель ОшГУ, Кыргызстан*

## Чыгыш ойчулу Кулкожоакмат-Ясевинин педагогикалык идеялары
## Педагогические идеи восточного мыслителя Кулкожоакмат-Ясевий
## Pedagogical ideas of the Eastern thinker Kulkozhoakmat-Yaseviy

Бул илимий макалада орто кылымдардагы белгилүү чыгыш ойчулу Кулкожоакмет-Ясевинин педагогикалык идеялары анализделет.

**Ачкыч сөздөр:** Чыгыш ойчулу, Кулкожоакмет-Ясеви, педагогикалык идеялар.

В данной научной статье даётся анализ педагогических идеях известного востоковеда в средневековья Ахмета Ясеви.

**Ключевые слова:** Востоковед, Ахмета Ясеви, педагогические идеи.

Pedagogicall ideas eastern scientist Akhmet Isevi lu this scientific article analyzed pedagogical ideas of famous eastern scientists Akhmet Isevi.

**Key words:** Pedagogical ideas, orientalist, Ahmet Yasevi.

Орто Азия түрктөрүнөн чыккан улуу аалым жана олуя Ахмет Ясеви бүгүнкү Казакстан жумуриятынын түштүгүндөгү Чымкенттин чыгыш тарабында Тарым дарыясына куйган Сайрам дарыясынын кичи куймаларынын биринин жанында